# Мугалимдин педагогикалык кодекси

1. Биз – мугалимдер, улуттук педагогиканын, нарктуулуктун, ар-намыстын сактоочусу жана улантуучусу экенибизди бийик сезебиз.

2. Биз, ар бир окуучунун инсандыгын, кайталангыс жөндөмүн жана муктаждыктарын сыйлайбыз. Адеп жана кесип эрежелерин сактайбыз, окуучулардын купуялуулугуна шек келтирбейбиз.

3. Биз мугалимдер, ар бир окуучуга өзүн ыңгайлуу жана ишенимдүү сезе турган коопсуз окуу-тарбиялоо жагдайын түзүүгө милдеттүүбүз.

4. Биз, окуучуларды нарктуу, жоопкерчиликтүү, адептүү, кайрымдуу, мээримдүү, боорукер жана мекенчил болууга тарбиялайбыз. Улуттук наркыбыз - эбегейсиз баалуу байлыгыбыз.

5. Биз - мугалимдик кесиптин кадыр-баркына кам көрөбүз, кесиптештердин намысын жана кадыр-баркын сыйлайбыз, мугалимдин беделине шек келтирүүгө жол бербейбиз.

6. Биз ар дайым кесиптик чеберчилигибизди, интеллектуалдык, чыгармачылык жана жалпы илимий деңгээлибизди өркүндөтөбүз.

7. Биз балдарды окуп-тарбиялоодо өз жүрүм-турумубуз менен үлгү болуп, моралдык, психологиялык жана башка терс ыкмаларды колдонбойбуз. Балдар биздин келечегибиз.

8. Биз окуучулардын ата-энелери менен ар дайым ачык баарлашып, окуу жараянында алардын ой-пикирлерин жана сунуштарын эске алабыз. Күч бирдикте !

9. Биз жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгын таанып, ар бир улуттук маданияттын өзгөчөлүктөрүнө жана кадыр-баркына сый мамиле кылабыз.

10. Биз жат көрүнүштөрдү алдын алуу боюнча чараларды көрөбүз, өзүбүздүн жеке жүрүм-турумубуз менен чынчылдыктын, калыстыктын жана адилеттүүлүктүн үлгүсүн көрсөтөбүз.

11. Биз эмгек тартибин кыйшаюусуз сактайбыз жана билим берүү уюмдарынын мүлкүнө аяр мамиле жасап жана аны жеке максаттарда пайдаланбайбыз.

12. Биз өз мекенин сүйгөн, адептүү, нарктуу келечек муунду тарбиялайбыз.

# Окуучунун нарк кодекси

1. Мен Айкөл Манастын урпагы катары ата-бабаларыбыздын нарк-насааттарын урматтайм жана бийик тутам.

2. Мен чыныгы мекенчил катары Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорун сыйлайм, Ата-Мекенибиздин ар-намысын коргоп, ага татыктуу болууга умтулам.

3. Мен дүйнөдөгү эң байыркы, түптүү элдердин урпагы катары өзүмдүн тарыхымды, каада-салтымды, тилимди, асыл нарктарыбызды билем жана аларды күндөлүк турмушта колдонууга аракеттенем.

4. “Адам көркү — адеп” демекчи, мен адептүү окуучу катары ата-энемди, мугалимдеримди, классташтарымды жана бардык мекендештеримдин укугун, кадыр-баркын урматтайм жана сыйлайм.

5. “Адамдагы эң зор байлык — акыл менен билим” экенин терең түшүнүп мен талыкпай окуп, чет тилдерди, санариптик технологияларды, алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүүгө далаалат кылам, билимде ийгиликке жетип, жөндөмүмдү өнүктүрөм.

6. “Адал эмгек абийир таптырат”, “Чындык күндөн жарык” демекчи мен чынчыл болом жана акыйкаттыкты туу тутам. Адал эмгек менен гана баар таап бакубат турмуш куруугa максат кылам.

7. “Улууга урмат, кичүүгө ызат” демекчи улуулардан үйрөнгөн бардык жакшы көндүмдөрдү, билимимди өсүп келе жаткан муунга өткөрүп берүүгө милдеттүүмүн.

8. Мен мектептин эрежелерине жана көрсөтмөлөрүнө ылайык мектеп техникаларын, эмеректерин, окуу куралдарын сарамжалдуу колдоном жана өзүмдүн, үй-бүлөмдүн, мектебимдин, коомчулуктун, аярлуу окуучулардын коопсуздугуна кам көрөм.

9. Сүйүктүү мектебимде барына жагымдуу окуу чөйрөсүн түзүү үчүн башка окуучулар жана мугалимдер, ата-энем менен кызматташам жана өз ыктыяры менен мектептин коомдук иш-чараларына жана ыктыярчылык иштерге жигердүү катышам.

10. “Кыргызстаныбыз Улуу тоолордун мекени” эмеспи, ошондуктан ата-бабаларыбыз жаратылыш менен бирге эриш-аркак жашаганын эске алып, мен табиятка, куурчап турган чөйрөгө, жан-жаныбарларга нарктуу жана аяр мамиле кылып, ажайып табиятта туура жүрүм-турум эрежелерин сактайм жана болочок бөбөктөргө аны таза өткөрүп берүү парзыбыз экенин түшүнөм.

11. “Тазалык - ден соолуктун булагы” демекчи мен жан дүйнөмдүн аруулугун, дене-бой тазалыгын сактап, үйүмдүн, мектебимдин, классымдын, айылымдын жана бүтүндөй Кыргызстандын тазалыгы үчүн ар дайым кам көрөм.

12. Менин жетишкендиктерим менен ата-энем, мугалимдерим жана менин сүйүктүү мекеним сыймыктанышы үчүн бардык аракетимди жумшайм.

**Ата-энелердин кодекси**

1. Биз – ата-энелер, балдарыбыздын билим-тарбиясын жакшыртуу үчүн жалгыз эле мектеп, мугалимдер жоопкерчиликтүү эмес экенин түшүнүп, балдарыбыздын жаркын келечеги үчүн, адамгерчиликтүү коом куруу үчүн мектеп менен ар дайым бирге кызматташууга даярбыз.

2. Биз, балдарыбызга ата-бабалардын наркын урматтоого, чынчылдыкка, ак ниеттүүлүккө жана жоопкерчиликке өзүбүз үлгү көрсөтүп үйрөтөбүз.

3. Биз, балдарыбыздын мугалими менен байланышып, мектептеги иш-чараларга жигердүү катышып, анын окуусу жөнүндө кабардар болуп, эриш-аркак иштешүүгө милдеттүүбүз.

4. Биз, балдарыбыздын жана мугалимдердин купуялуулугун урматтайбыз жана алардын кадыр-баркына шек келтирбейбиз.

5. Биз, башка ата-энелердин, мугалимдердин жана окуучулардын укуктарын, сезимдерин урматтайбыз жана кызыкчылыктарын сыйлайбыз.

6. Биз, балдарыбыздын туура тамактануусуна, ден-соолугуна, алардын коопсуздугуна кам көрөбүз, ошондой эле үй-бүлөбүз, мектеп менен биргеликте экологиялык сабаттуулукту өнүктүрүүгө бардык салымыбызды жумшайбыз.

7. Биз, балдарыбыздын ачык маанайын сактоого аракет кылып, окуудагы, жашоодогу кемчиликтерди жеңүүгө үйрөтөбүз.

8. Биз, мектеп тарабынан белгиленген эрежелерди жана жол-жоболорду сактайбыз.

9. Биз, мектептеги бардык окуучулар үчүн жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө көмөк көрсөтөбүз, ата-энелер чогулуштарына жана билим алуу өркүндөтүүгө жардам бере турган башка иш-чараларга катышабыз.

10. Биз, балдарыбыздын билим алуусуна жоопкерчиликтүү мамиле кылып, анын мектепке үзгүлтүксүз баруусуна, үй тапшырмасын өз убагында аткаруусуна жана тартиптүү болуусуна шарттарды түзөбүз.

11. Биз, мектептеги коррупциянын ар кандай түрү, жана башка жат көрүнүштөр менен күрөшүүгө бардык аракетибиз жумшайбыз.

12. Биз, балдарыбыз окуп жаткан мектептин кадыр-баркын жогорулатуу, ал мектеп менен сыймыктануу үчүн бардык салымыбызды кошобуз.